# ТААЛИМ-ТАРБИЯ ПРОБЛЕМАЛАРЫ

# ПРОБЛЕМЫ ВОСПИТАНИЯ

# PROBLEMS OF EDUCATION

***Элебесова А.Б.***
***старший научный сотрудник лаб.***
***Социально-гуманитарных предметов***
***Кыргызской академии образования***

## ӨСПҮРҮМ КУРАКТАГЫ ОКУУЧУНУН ОКУУГА БОЛГОН МОТИВАЦИЯСЫН КАЛЫПТАНДЫРУУ ЖӨНҮНДӨ

## О ФОРМИРОВАНИИ МОТИВАЦИИ, УЧАЩИХСЯ К УЧЕБЕ В ПОДРОСТКОВОМ ВОЗРАСТЕ

***Elebesova A.B.***

## ON THE FORMATION OF MOTIVATION OF STUDENTS TO STUDY DURING ADOLESCENCE

***Аннотация:*** *Азыркы учурдагы жалпы билим берүүчү уюмдарда (мектеп, гимназия, лицей) таанып билүү мотивациясын калыптандыруу маанилүү милдет болуп саналат. Бул илимий баяндамада ортоңку жана жогорку баскычтардагы өспүрүм окуучулардын окуу ишмердүүлүктөрүнүн мотивациясын изилдөө иштеринде колдонулган өспүрүм окуучулардын окууга болгон мамилеси, зарылдыктарды диагностикалоонун методикасы, окуу ишмердүүлүгүнүн мотивациясын диагностикалоо методикасы, өспүрүмдөрдүн ишмердүүлүктөрүнүн мотивдерин диагностикалоонун методикасы, бүтпөй калган сүйлөмдөр методикасы тууралуу сыпатталып баяндалат.*

***Аннотация:*** *В современных общеобразовательных учреждениях (школах, лицеях и гимназиях) важной задачей является формирование познавательной мотивации учащихся. В данной научной статье излагается материал об отношении учащихся подросткового возраста к учёбе, о методике диагностирования потребностей, методике диагностирования мотивов деятельности подростков, методике незаконченных предложений, которые употребляются в исследовательской работе мотиваций учебной деятельности у учащихся подростков среднего и высшего ступеней.*

***Summary:*** *In modern educational institutions (schools, lyceums and gymnasiums) formation of informative motivation of pupils is an important task. In this scientific article there is material about the relation of pupils of teenage age to study, about a technique of requirements' diagnosing, a technique of diagnosing motives of teenagers' activity, a technique of incomplete sentences, which are used in research work of learning activity motivations of the studying teenagers of average and the highest steps.*

***Түйүндүү түшүнүктөр:*** *бүтпөй калган сүйлөмдөр методикасы, керектөөлөрдү диагностикалоо методикасы, мотивация, окутуунун мазмунун жаңылоо, окуу ишмердүүлүгүнүн мотивдерин диагностикалоо методикасы, окууга болгон мотивация, таанып билүү мотивациясы.*

***Ключевые слова:*** *методика незаконченных предложений, методика диагостирования потребностей, мотивация, обновление содержания обучения, методика диагностирования мотивов учебной деятельности, учебная мотивация, познавательная мотивация.*

***Key words:*** *technique of imcomplete sentences, technique of requirements' diagnostics, motivation, and renewal of teaching content, technique of learning activity motives diagnostics, motivation for learning, educational motivation.*

Өспүрүм курактагы балдардын окууга болгон мотивациясын калыптандыруу азыркы учурдагы жалпы билим берүүнүн негизги проблемаларынын бири. Жакшы окууга болгон зарылдыкты калыптандыруунун өзгөчөлүгү окутуунун мазмунун жаңылоо, өспүрүмдөрдү таанып билүүгө кызыгууга жана билимдерди өз алдынча ала билүүгө көнүктүрүү, социалдык компетенттүүлүктөрдү жана жигердүү турмуштук позицияны калыптандыруу менен шартталат. Жалпы билим берүүчү уюмдарда (мектеп, гимназия, лицей) таанып билүү мотивациясын калыптандыруу маанилүү милдет болуп саналат. Мотивациянын болушу зарыл, анткени ал окуучунун ишмердүүлүгүнө өзгөчө инсандык маани-маңыз берип турат, натыйжада окуу предметин өздөштүрүү ал үчүн өз алдынча баалуулук катары эсептелинип калат. Таанып билүү мотивациясынын өзөгүндө таанып билүүнү чын дилинен көксөө, улам жаңы

нерселерди таанып билүүгө ынтызарлык менен умтулуу жатат. Мындай мотивациялуу окуучу окуп үйрөнүүдөгү ар кандай кыйынчылыктарды оңой-олтоң эле жеңип кете алат.

Окутуу практикасында өспүрүмдүн окуп билим алуусунун мотивациялык жагын башкаруу оор делип эсептелинет. Анткени окууга болгон мотивдер бири-биринен мазмуну жагынан эле эмес, алардын аңдап-туюнуучулук жагынан да айырмаланып турат. Окуп билим алуудагы жакынкы келечекке байланыштуу мотивдер бир кыйла адекваттуу аңдалып түшүнүлөт. Бир катар кырдаалдарда окууга болгон мотивдер байкалбай да калат, тактап айтканда, аныкталышы оор. Мотивациялар ата-энелер менен педагогдордун белгилүү бир максаттуу, системалуу иш-аракеттеринин предмети болбостон, көбүнчө жөн гана стихиялуу түрдө калыптанат. Ошондуктан өспүрүмдүн сабак учурундагы жана үй тапшырмаларын аткаруудагы акыл-ойлук иш-аракеттери менен эле эмес, билим алуу мотивдери аркылуу да башкаруунун зарылдыгы туулат. Эгерде билим алуунун мотивациялык чөйрөсү башкарылбай турган болсо, анда мотивациянын регресси жүрөт, анын деңгээли төмөндөйт, мотивдер таасирдүүлүгүн жоготот. Окуп билим алуунун мотивациялык чөйрөсү максатка багытталып башкарылбай турган болсо, мына ушундай жагдай түзүлөт.

Бүгүнкү күндөгү психология жана педагогика илимдеринде билимдерге ээ болууга байланыштуу ишмердүүлүктүн мотивациялык маани-маңызына байланыштуу бирдиктүү бир пикир жок. Ошого байланыштуу окуп билим алуу процессинде өспүрүмдөрдө мотивацияны калыптандыруу проблемасы келип чыгат, анткени бул курак азыркы учурдагы өспүрүмдүн окууга болгон мотивациясын өнүктүрүүгө түрткү болуучу же болбоочу ар кандай таасирлерге бир кыйла ийкемдүү келет.

Демек, изилдөөнүн максаты: өспүрүм курактагы окуучунун окууга болгон мотивациясынын психологиялык-педагогикалык маани-маңызын калыптандыруунун жолдорун аныктоо. Изилдөөнүн милдеттери: 1) өспүрүм курактагы окуучунун окууга болгон мотивациясын аныктоо боюнча илимий-методикалык адабияттарды өздөштүрүү жана аларга талдоо жүргүзүү; 2) өспүрүм курактагы окуучунун окууга болгон мотивациясын аныктоо максатында методикалык каражаттардын жардамы менен практикалык изилдөө иштерин жүргүзүү; 3) өспүрүм курактагы окуучунун окууга болгон мотивациясын жана анын психологиялык-педагогикалык өзгөчөлүктөрү аныктоо.

Бул жерде изилдөөнүн гипотезасы катары көңүлгө ала турган жагдай — азыркы өспүрүмдөрдө окуп билим алуунун мотивациясы жетиштүү деңгээлде калыптанбагандыгы. Бул алардын окууга болгон терс мамилелеринен көрүнөт.

Изилдөөнүн теориялык негизин төмөндөгү эмгектер түзөт: Л. И. Божович, өспүрүмдүн окууга болгон мотивациясы катары ниеттенүү, каалоо, аңдап туюу, идея, сезим, элестетүү сыяктуу өтө ар түрдүү психологиялык-педагогикалык феномендерди атаган [8, 9]; Е. П. Ильин жана Х. Хекхаузен, керектөө, күчтүү тилек, максат, ынтаа деп тастыкташкан [12, 13, 23]; П. А. Рудик, көксөөнү, каалоону, көнүмүш адатты, ой-сезимди, милдетти сыпаттаган [21]; К. К. Платонов, психикалык процесстерди, инсандын психикалык абалын жана касиетин изилдеген [20]; Э. Мамбетакунов, инсандын социалдык өнүгүүсүн анын психикалык, руханий жана интеллектуалдык өзгөрүүсүнүн жыйындысы катары караган [16]; А. Н. Леонтьев, тышкы дүйнөнүн предметтерин атап жана сыпаттап көрсөткөн [15]; А. Маслоу жана К. Вилюнас, адамдын турмуштук багыттарын жана жашоо шарттарын карашкан [17, 10]; В. С. Мерлин максаттуу иш-аракеттерге түрткү болгон каалоо-тилектерди сыпаттаган [18]; Ж. Годфруа, субъект иш-аракет кыла турган объекттерди элестетип ой жүгүртүүлөрдүн үстүндө иштеген [11]. Негизинен аталган авторлордун бардыгы тең эле өспүрүм курактагы окуучунун окууга болгон мотивациясы боюнча теориялык багыт берип турат.

Илимий чөйрөдө бул психолог изилдөөчүлөрдүн ичинен адамдын жүрүм-турумунун бир кыйла белгилүү мотивациялык концепциясы жөнүндө кеп болгондо А. Маслоу сунуштаган адамдын зарыл керектөөлөрүнүн (зарылдыктарынын) иерархиясы жана алардын классификациясы тууралуу көп айтылат. Ал концепцияга ылайык, адам төрөлгөндөн тартып бойго жеткенге чейин ырааттуу түрдө зарылдыктардын жети классы жетилет: физиологиялык (органикалык) зарылдык, коопсуздук жаатындагы зарылдыктар, таанып билүүчүк зарылдыктар, эстетикалык зарылдыктар, өз алдынчалуулуктун зарылдыгы, бирөөгө тийиштүүлүктүн жана сүйүүнүн зарылдыгы, урматтоонун зарылдыгы. Автордун ою боюнча, бул мотивациялык пирамиданын өзөгүндө физиологиялык зарыл керектөөлөр жатат, ал эми эстетикалык жана өз алдынчалуулук сыяктуу жогорку даражадагы зарыл керектөөлөр анын туу чокусун түзүшөт.

А. Н. Леонтьевдин адамдын мотивациялык чөйрөсүнүн ишмердүүлүк башаты теориясы мотивация проблемасындагы негизги илимий концепция болуп саналат. Бул концепция адамдын мотивациялык чөйрөсүнүн келип чыгышын жана динамикасын тастыктайт. Ал ишмердүүлүктөр системасы кантип өзгөрөөрүн, анын иерархия-

луулугу кантип түзүлөрүн, ишмердүүлүктөрдүн жана операциялардын түрлөрү кантип пайда болорун жана кандайча жок болуп каларын түшүндүрүп берет. Ишмердүүлүктөрдүн өнүгүү мыйзам ченемдүүлүктөрүнө ылайык, адамдын мотивациялык чөйрөдөгү өзгөрүүлөрү, анын жаңы зарылдыктарга, мотивдерге жана максаттарга ээ болуусу сыпатталып көрсөтүлгөн мыйзамдарды чыгарууга түрткү болот.

Окуучулардын өспүрүм курактагы окууга болгон мотивациясын калыптандыруу багытындагы изилдөөлөрдүн методологиялык негизин социалдык-гуманитардык, коомдук жана табигый-техникалык илимдердеги төмөндөгүдөй негизги методологиялык принциптер түзөт: И. Кант тарабынан баса белгиленип көрсөтүлгөн *гуманизм принциби,* же *баалуулук принциби;* бул принцип орус окумуштуусу Л. И. Анциферованын эмгектеринде өнүктүрүлүп, адам баалуулуктарды алып жүрүүчү эле эмес, реалдуулук жана идеал сыяктуу эки башаттын каршы аракет көрсөтүүлөрү менен күрөшкөн индивид катары да көрсөтүлгөн [14, 4]; К. А. Абульханова-Славскаянын, Б. Г. Ананьевдин, И. В. Блаубергдин, В. Н. Садовскийдин эмгектеринде системалуулук принциби жана бүтүндүүлүк принциби сыпатталган [1, 2, 7, 22]; О. С. Анисимовдун, В. Г. Асеевдин эмгектеринде потенциалдуулуктун жана актуалдуулуктун жекече методологиялык принциби сыпатталган [3, 5]. Бул психологдордун изилдөөлөрү окуу ишмердүүлүгүнүн мотивациясы ар түрдүү багыттарда: окуу ишмердүүлүгүнүн мотивдерин өнүктүрүү, окуу мотивдеринин түрлөрү, мотивацияны өнүктүрүүнү стимулдоочу факторлор багыттарында өздөштүрүлө тургандыгын көрсөтүп турат.

Биздин изилдөөбүздө теориялык методдор менен бирге алынган маалыматтарга талдоо жүргүзүү, синтездөө (иргөө), жалпылоо жана интерпретациялоо (түшүнүктөрдүн маанисин ачып түшүндүрүү) методдору колдонулду. Төмөндөгүдөй эмпирикалык методдор да колдонулду: анкета жүргүзүү, тесттирлөө, эркин байкоо жүргүзүү методу, аңгемелешүү, эмпирикалык маалыматтарды статистикалык жана медианалык иштеп чыгуу.

Өспүрүм курактагы окуучулардын окууга болгон мотивациясынын калыптануу абалына изилдөө жүргүзүү процессинде аларды аныктоонун критерийлери тастыкталган «Өспүрүм окуучулардын окууга болгон мамилеси»; «Зарылдыктарды диагностикалоонун методикасы»; «Окуу ишмердүүлүгүнүн мотивациясын диагностикалоо методикасы»; «Өспүрүмдөрдүн ишмердүүлүктөрүнүн мотивдерин диагностикалоонун методикасы»; «Бүтпөй калган сүйлөмдөр методикасы» деген аталыштардагы методикалык каражаттар колдонулду.

Изилдөөнүн натыйжаларынын ишенимдүүлүгү жана шексиздиги изилдөө процедурасын анын этаптары боюнча так пландаштыруу менен, теориялык-методологиялык негизи менен, диагностикалык методикаларды өздөштүрүлүп жаткан проблемага туура келгендей тандоо менен, ошондой эле математикалык, статистикалык жана медианалык иштеп чыгуулар менен камсыз кылынат.

Өспүрүм курактагы окуучулардын окуп билим алууга карата мамилелерин жана окуу мотивациясынын калыптануусун изилдөө иштерин жүргүзүү жөнүндө 2014/2015-окуу жылына карата өткөрүлгөн Токмок шаарынын жана Аламүдүн районунун август методикалык окууларындагы секциялык иштерде маалымат берилген жана окуу жылынын башталышында, т.а. сентябрь айында Токмок шаарынын жана Аламүдүн районунун жалпы билим берүүчү уюмдарынын (мектеп, гимназия, лицей) 6- жана 10-класстарында жүргүзүлгөн. Бул изилдөөнүн натыйжасында бир катар негизги корутундулар чыгарылды.

*Анкетанын үлгүсү:*

**ӨСПҮРҮМ ОКУУЧУЛАРДЫН ОКУУГА БОЛГОН МАМИЛЕСИ**

Окуучунун аты-жөнү ______________________________

Окуган классы, мектеби / гимназиясы / лицейи ______________________________

Мектепте окуганды каалайсыңбы? ______________________________

______________________________

Эмне үчүн? ______________________________

______________________________

Мектепте окугуң келбейби? ______________________________

______________________________

Эмне үчүн? ______________________________

______________________________

Окуучунун колтамгасы: ______________________________

*«Өспүрүм окуучулардын окууга болгон мамилеси»* анкетасынын ар бир суроосу боюнча:

- анкета боюнча алынган жооптордун натыйжасында 10-класска бара турган өспүрүмдөрдүн мектепке барууга болгон жалпы мотивациясы төмөндөгөндүгү байкалды. Жүргүзүлгөн аңгемелешүүлөрдүн натыйжасында өспүрүм окуучулардын басымдуу көпчүлүгү мектепке класcташ достору бар болгондуктан гана барып жатышкандыктары (6-класс — 93,00 %; 10-класс — 77,00 %), демек, баарлашуу максатында бара тургандыктары аныкталды;

- ошондой эле өспүрүмдөрдүн көпчүлүгү спортко кызыгышкандыктан жана валейбол, баскетбол өңдүү спорттук командаларда ойношкондуктан, мектепте дене тарбия сабагында мугалимдин же тренердин жетекчилигинде машыгуулардан өтүшкөндүктөн гана мектепке бара тургандыктары аныкталды.

Анкеталарга берилген жооптордон улам өспүрүмдөрдүн мектепке барууларынын мотивациясына мектептеги окуу процессиндеги билим алууга караганда баарлашуу чөйрөсү жана убакытты өткөрүү, спорт менен машыгуу көбүрөөк таасир берет деп жыйынтык чыгарууга болот.

Жалпы билим берүүчү уюмдардын (мектеп, гимназия, лицей) ортоңку жана жогорку баскычтарындагы өспүрүмдөрдүн окуу ишмердүүлүктөрүнүн мотивациясын изилдөө иштери *«Окуу ишмердүүлүгүнүн мотивациясын диагностикалоо методикасын»* колдонуу менен жүргүзүлдү. Алынган натыйжалардын негизинде азыркы өспүрүм окуучуларда өз алдынча билим алуунун мотиви жок деген корутунду чыгарылды. Окуу-таанып билүүгө ыклас коюп кызыгуу, т.а. окууга болгон зарылдык алардын салыштырмалуу түрдө аз гана бөлүгүндө бар экендиги диагноздолду. Өспүрүмдөр өздөрүнүн кандайдыр-бир артыкчылыктуу умтулууларын — биринчилерден болууну жана айлана-чөйрөсүндөгүлөрдүн сый-урматына татууну — канааттандыруу үчүн гана окууну каалай тургандыктары билинди. Демек, 6- жана 10-класстардагы өспүрүмдөрдүн окууга болгон мотивациясы алардын артыкчылыктуу умтулууларына жана класcташтарынын арасындагы лидерликке байланыштуу зарылдыктарын канааттандырууну каалай тургандыктарына негизделет.

Өспүрүмдөрдүн биологиялык, материалдык, социалдык жана руханий зарылдыктарын изилдөө иштери *«Зарылдыктарды диагностикалоонун методикасын»* колдонуу менен жүргүзүлдү. Изилдөө 10-класска карата өспүрүмдөрдүн биологиялык, материалдык, социалдык жана руханий зарылдыктары азая тургандыгын көрсөттү. Мындан өспүрүмдөр 10-класска келген учурга карата өздөрүнүн күнүмдүк жашоо-тиричиликте келип чыгуучу диагноздолгон керектөөлөрүн канааттандыра алышат деген бүтүм чыгарууга болот. Алынган натыйжалардын негизинде 6- жана 10-класстардагы өспүрүмдөрдө биологиялык зарылдыктар, т.а. түрдүүлөп тамактануу жана ар түрдүүчө эс алуу, баарынан көп көрсөтүлгөндүгү аныкталды. Өспүрүмдөр тандап алышкан зарыл керектөөлөрдүн эң акырында руханий керектөө тургандыгы, т.а. алар өздөрүнүн китеп окууга, музыка угууга, интернет-сайттарга кирүүгө ж.б. болгон керектөөлөрүн канааттандырууга акырындык менен үйрөнүшө тургандыгы, ошондой эле мектептин суроо-талаптарына ылайыкташа (көнө) тургандыгы байкалды. Өспүрүмдөрдүн окууга болгон мотивациясына алардын кайсы-бир жеке муктаждыктарынын канааттандырылбагандыгы таасир этиши мүмкүн. Карама-каршы жыныстагы өспүрүмдөрдүн позитивдүү көңүл бурууларына жана жактыруу сезимдери да канааттанбоону, көңүл толбоону жаратат.

6- жана 10-класстардагы өспүрүмдөрдүн окуу ишмердүүлүктөрүнүн мотивдерин изилдөө иштери *«Өспүрүмдөрдүн ишмердүүлүктөрүнүн мотивациясын диагностикалоо методикасын»* колдонуу менен жүргүзүлдү. Изилдөө көрсөткөндөй, 6- жана 10-класстардагы өспүрүмдөрдүн кызыкчылыктарынын арасында алардын ишмердүүлүктөрүндөгү маанилүү чөйрөлөр болуп саналган үй-бүлө, достук жана ден соолук маселелери басымдуулук кылат. 6-класстагы өспүрүмдөр үчүн бир кыйла маанилүү чөйрөлөр: үй-бүлө, ден соолук, достук, окуу, спорт жана сүйүү бирдей орунда турат. 10-класстагы өспүрүмдөр үчүн биринчи орунда үй-бүлө, анан достук, сүйүү, ден соолук жана баарлашуу турат. Өспүрүмдөр үчүн мектепте окуу негизинен жага тургандыгы айгине болгондугуна карабастан, алар окуу процесси тууралуу азыраак ойлоно тургандыктары аныкталды.

Жогорудагы изилдөө иштерин жүргүзүүдө өспүрүм курактагы окуучулардын окууга болгон мотивациясын өздөштүрүү методикасында көрсөтүлгөн сүйлөмдөрдү толуктоо методу колдонулду. Ал боюнча окуучуларга ар бир сүйлөмдү жана анын жоопторунун варианттарын кунт коюп окуу сунушталат. Окуучу өзүнүн пикирине туура келген жоопторудун эки вариантынын астын сызып коюшу керек. Өспүрүм окуучулардын актуалдуу керектөөлөрү жана окууга болгон мотивациялары ошол жооптор боюнча диагноздолот.

Өспүрүм курактагы окуучунун инсандык багыттуулугун, баалуулуктарын жана идеалдарын, келечекте жетүүнү каалаган ой-максаттарын жана мамилелер системасын изилдөө иште-

ри *«Бүтпөй калган сүйлөмдөр методикасын»* колдонуу менен жүргүзүлдү.

Бул методика долбоордук тесттердин тобуна кирет. Биз изилдөөнү шарттуу түрдө 7 тематикалык блоктон турган *Бүтпөй калган сүйлөмдөр барагы* боюнча жүргүздүк: окууга болгон мамиле; мектепке болгон мамиле; үй-бүлөгө карата мамиле; курбалдаштарына болгон мамиле; өзүнө болгон мамиле; айлана-тегерегиндеги адамдарга карата мамиле; өзүнүн келечегине болгон мамилеси. Ар бир блок 8 бүтпөй калган сүйлөмдөрдөн турат.

Сүйлөмдөрдүн айрым тобу адамдын коркуу жана кооптонуу, күнөөсүн сезүү абалына тиешелүү болуп, курбалдаштары, ата-энеси менен өз ара мамилелерин, өзүнүн турмуштук максаттарын аныктоого көмөктөшөт.

Бүтпөй калган сүйлөмдөр методикасы боюнча тапшырмалар көпкө ойлонулбастан тез аткарылууга тийиш. Окуучу сүйлөмдү окууру менен дароо башына адеп келген ойду жазышы керек. Эгерде кайсы бир бүтпөй калган сүйлөмдү дароо улап жаза албаса, анын номерин тегеректеп белгилеп коюп, кийинкилерин аткара бериши керек. Белгиленген сүйлөмдөрдү аягында бүтүрсө болот.

Бул методика боюнча изилдөө эки этапта жүргүзүлөт: Биринчи этапта бүтпөй калган сүйлөмдөрдү бүтүрүшөт. Экинчи этабында өзүнүн сүйлөмдү бүтүргөн оюнун эмоциялык абалын инструкция боюнча баалайт.

Азыркы өспүрүмдөр өз жашоо-турмуштарында болууга тийиш болгон баалуулуктардын жана идеалдардын бир катар тизмегин келтиришкени менен, алардын арасында артыкчылыктуу баалуулуктардын саны аз көрсөтүлгөн. 6-класстын окуучуларынын басымдуу көпчүлүгү (67,00 %) идеал жана балуулук катары жакшы билим алууну эсептешет. Мындан ортоңку баскычтагы өспүрүмдөрдүн окууга болгон мотивациясы ата-энелеринин ой-пикирлерине жараша боло тургандыгы көрүнүп турат. Анткени бул курактагы өспүрүм үчүн ата-эненин пикири өтө маанилүү болуп саналат. Ал эми 10-класстагы өспүрүм үчүн ата-эненин пикирине жараша окууга болгон мотивациянын проценти азайып калган дагы (20,00 %), жашоонун жалпы эрежелери катары өз үй-бүлөсүн түзүүнү каалоо (57,00 %), сүйүү жана боорукердик (кайрымдуулук) сезимдери басымдуулук кыла баштагандыгы байкалат.

Азыркы өспүрүмдөрдүн турмуштук мүдөө-максаттарына жашоо ишмердүүлүктөрүнүн ар кандай чөйрөлөрү кирет. 6-класстагы өспүрүмдөрдүн көпчүлүгүнүн (67,00 %) максаты — жакшы билим алуу. Бул жашоо баалуулуктары менен дал келет. 10-класска барган кезде бул максат экинчи планга коюлуп, биринчи орунда карьераны түзүү максаты (43,00 %) болуп калган. Албетте, бул эки максат бири-бирине карама-каршы эмес. 10-класстагы өспүрүмдөр «көптү үйрөнүү жана жасай билүү», «үй-бүлө күтүү», «бакыт», «акча» сыяктуу баалуулуктарды айкалыштыра бириктирүүнүн жолун издештире баштаашат. Демек, өспүрүмдөрдүн окууга болгон мотивациясын жакшы билим алуу, карьераны түзүү максаттары шарттайт.

Ошентип, алынган натыйжалардын негизинде төмөнкүдөй корутунду чыгарууга болот: жогорку баскычтагы өспүрүмдөрдүн келечекке карата оң (позитивдүү) көзкараштарын түзүүчү көрсөткүчтөр 26,67 %ке төмөндөгөн, ал эми келечектен иренжүү сыяктуу терс (негативдүү) көз-караштарын түзүүчү көрсөткүчтөр 10,00 %ке жогорулаган. Демек, өспүрүмдөргө алар өз күчүнө ишенүүгө боло тургандай таянычты аңдап сезген учурда гана колдоо көрсөтүүгө болот.

Ошондуктан изилдөө ишинин практикалык баалуулугун ырастоо максатында бул изилдөөнүн натыйжалары боюнча окуу процессинде өспүрүмдөрдүн окууга болгон мотивациясын калыптандырууга багытталган иш-чаралар программасы, педагогдор жана ата-энелер үчүн методикалык сунуштар иштелип чыгышы жана алар практикада колдонулушу зарыл. Албетте, ал программа адегенде сынактан өткөрүлүүгө тийиш жана аны колдонуу боюнча акт алынышы керек.

Эгерде өспүрүм окууга жана билим алууга кызыкпаса, ал тургай, кайдыгер болсо, алардын зарылдыгын аңдап туйбаса, анда аны ийгиликтүү окутуу мүмкүн эмес. Ошондуктан жалпы билим берүүчү мектептин алдында өспүрүмдүн окуу ишмердүүлүгүнө болгон оң мотивациясын калыптандыруу жана өнүктүрүү милдети турат. Окуучу окуу ишмердүүлүгүнө чындап тартылышы үчүн окуу процессинде анын алдына коюлган милдеттер түшүнүктүү эле болбостон, жан дүйнөсү менен кабыл алынууга, т.а. алар окуучу үчүн маанилүү болуп, анын жашоо-турмушундагы таяныч чекити жана көмөкчүсү болууга тийиш.

Предмет боюнча билим берген жана окуучунун предметке кызыгуусун жарата алган мугалимдин мотивациясынын өзгөчөлүктөрү эске алынганда гана окуучу менен өз ара натыйжалуу педагогикалык иш-аракетте болууга мүмкүн. Окууга болгон мотивацияны тарбиялоонун башкы жолу — бул жагымдуу маанайды түзүү эле эмес, өспүрүмдөрдү ишмердүүлүктүн реалдуу түрүнө тартуу, айлана-чөйрөдөгүлөр менен өз ара иш-аракетте болуунун жол-жоболорун үйрөтүү. Мугалимдин алдында турган милдеттин оордугу анын мотивдеринде жана максаттарында системалык мүнөздөгү психикалык мотивдин

бир кыйла даана көрүнгөндүгүндө, алар психикалык чагылуунун интегралдык формалары катары чыккандыгында. Мотивациянын жана мотивдин маани-маңызын жана түзүмүн интегралдык негизде кароо көпчүлүк карама-каршылыктарды жоёт. Инсандын мотивациялык чөйрөсүн максатка багыттап калыптандыруу — бул, негизинен, инсандын өзүн калыптандыруу, т.а. кызыкчылыктарды өнүктүрүү, көндүм адаттарды калыптандыруу, максатка багыттоо ж.б. жааттарындагы педагогикалык милдет. Окууга болгон мотивация окуу ишмердүүлүгүнө, билим алуу ишмердүүлүгүнө камтылган мотивациянын жекече түрү катары аныкталат. Окууга болгон мотивация, мотивациянын өзгөчө түрү катары, түзүмүнүн татаалдыгы менен мүнөздөлөт. Анын ички жана тышкы мотивация деген татаал түзүмдүк формалары бар. Окууга болгон мотивациянын туруктуулук, интеллектуалдык өнүгүү деңгээли жана окуулук ишмердүүлүктүн мүнөзү сыяктуу мүнөздөмөлөрү өтө олуттуу мүнөздөмөлөр.

Өспүрүм курак — адамдын өмүр жолундагы эң татаал, эң кыйын учур. Бул куракта анын коомдук мамилелер системасындагы өз алдынча ишмердүүлүккө жөндөмдүү инсан катары калыптануу процесси жүрөт. Ошондуктан мектеп психологдорунун, социалдык педагогдордун, мугалимдердин башкы милдети — өспүрүм окуучулардын окууга болгон мотивациясын аларды маданияттуу жүрүм-турумдарга тарбиялоого, өз алдынча билим жана таалим-тарбия алууга багытталган түшүндүрүү иш-чаралары аркылуу жогорулатуу.

Ал үчүн, албетте, өспүрүм курактагы баланын ал бойго бүткөндөн тартып ушул кезге чейинки психикалык өнүгүү процессине изилдөөчүлүк байкоо жүргүзүү керек. Бул багытта эки көзкараш бар: *үзгүлтүксүз* жана *дискреттик.* Биринчи көзкараш боюнча баланын психикасы токтолбостон, тездебестен же жайлабастан бир калыпта үзгүлтүксүз өнүгөт. Ошондуктан баланын психикасынын өсүп жетилүү этаптарын бирин экинчисинен айырмалап бөлүп турган кандайдыр-бир так чек болбойт. Ал эми экинчи көзкарашка ылайык, баланын психикалык өнүгүү процесси бирде тездеп, бирде жайлап бир кылка эмес жүрөт. Бул анын сапаттык жактан бири-биринен айырмаланып турган өнүгүү стадияларын жана этаптарын бөлүп көрсөтүүгө негиз болуп саналат.

Психикалык өнүгүүнүн ар бир стадиясында ошол стадиядагы өнүгүү процессин аныктоочу башкы фактор болот. Балдардын баары тең индивидуалдуу өнүгүү өзгөчөлүктөрүнө карабастан, бирин да калтырбастан же алдыга озуп кетпестен, психикалык өнүгүүнүн ар бир стадиясын басып өтөт.

Инсандын психикалык өнүгүүсүнүн типтерин Л. С. Выготский төмөндөгүдөй тастыктаган:

1) алдын-ала калыптандырылган тип (преформированный) — бул өнүгүүнүн адегенде пайда болгон (организм), анан ал өнүгүүгө жетишкен түпкү натыйжа (айталы, эмбриондук өнүгүү) алына турган стадиялар кандай жүрө тургандыгын эң башында эле биротоло аныкталып такталып коюлган тиби;

2) алдын-ала калыптандырылбаган тип (непреформированный) — бул өнүгүүнүн алдын-ала аныкталбаган тиби. Бала төрөлгөн кезден тартып басып өтүүгө тийиш болгон стадиялар дагы, ал жетише турган түпкү натыйжа дагы алдын-ала көрсөтүлбөгөн тиби.

Баланын психикалык өнүгүүсүн мезгилдештирүү өңүтүндө С. Холлдун, Ж. Пиаженин, Э. Мамбетакуновдун изилдөөлөрүнө, К. Гетчинсондун, З. Фрейддин Д. Б. Элькониндин, Л. С. Выготскийдин жана А. Н. Леонтьевдин аныктамаларына таянуу менен, ошондой эле улуттук этнопедагогикалык өзгөчөлүктөрү эске алынуу менен, кыргыздардын жаш курактык айырмалоосуна жараша *инсандын бойго бүткөндөн тартып жетилген куракка чейинки психикалык өнүгүүсүнүн мезгилдештирүүлөрүн салыштыруу таблицасы* иштелип чыкты (таблицаны караңыз). Бул таблицадагы көрсөткүчтөр өспүрүм курактагы окуучунун окууга болгон мотивациясын туура тастыктаганга олуттуу өбөлгө болот деген ойдобуз.

Жогоруда көрсөтүлгөн илимий булактарды өздөштүрүүнүн жана аларга талдоо жүргүзүүнүн натыйжасында алынган тыянактарга таянуу менен, ошондой эле илимий-теориялык негиздемелерге ылайык иштелип чыккан методикаларга ылайык, 2014/2015-окуу жылынын башында Токмок шаарынын жана Аламүдүн районунун жалпы билим берүүчү уюмдарынын (мектеп, гимназия, лицей) 6- жана 10-класстарында жүргүзүлгөн изилдөө иштеринин натыйжаларына таянуу менен, төмөнкүдөй жыйынтыктарды чыгарууга болот:

- өспүрүм курак үчүн БААРЛАШУУ ишмердүүлүгү биринчи орунда тургандыктан, окуучунун класс менен эле эмес, андан сырткаркы жердегилер менен (үй-бүлөсү, коңшу-колоңдору, достору, тааныштары ж.б.) өз ара байланыштарын өздөштүрүү керек, анткени ал жактардан да өспүрүмдүн толук жетиле элек психикасына «сокку урулуп», анын окуулук ишмердүүлүгүнө терс таасир этиши мүмкүн;
- өспүрүмдүн актуалдуу ЗАРЫЛ КЕРЕКТӨӨЛӨРҮНҮН индивидуалдуу өздөштүрүлүшүнүн зарылдыгы. Өспүрүм курак кризистик мезгил

болгондуктан, анын организминде физиологиялык өзгөрүүлөр эле болбостон, психологиялык да өзгөрүүлөр, т.а., инсандын өнүгүүсү жана калыптануусу жүрөт. Өсүп жетилүү курагындагы адамдын социум менен: ата-энеси, бир туугандары, достору, мугалимдери ж.б. менен мамилеси өзгөрүлөт. Адамдын көзкарашы, айлана-чөйрөгө карата мамилеси толугу менен өзгөрүлөт. Демек, өспүрүмдүн зарыл керектөөлөрү да өзгөрүлөт;

- өсүп жетилип келе жаткан адам турмуштан «өз ордун» табыш үчүн окуп билим алышы, өсүп-өнүгүшү, билгичтиктерге жана көндүмдөргө ээ болушу, баарлаша билиши, жасай билиши, демилге көтөрө билиши керек. Демек, ал үчүн кандайдыр бир «түрткү», стимул болууга тийиш. Дал ошол түрткү же стимул дегенибиз мотивация болуп саналат. Өспүрүмдүн жакшы окууга, билим алууга болгон мотивациясы — ага бул же тигил багыт боюнча алга карай жылууга дем берүүчү күч;
- эгерде өспүрүм курактагы окуучунун инсандык касиети нормалдуу өнүгүп жаткан болсо, анда анын руханий-маданий зарыл керектөөлөрү бекемделип, биринчи планга чыгат да, зарылдыктардын инсандык туруктуу иерархиясы калыптанат. Адамда мотивдер менен зарылдыктардын эриш-аркактуулугу турукташып калган учурда биз ал индивид же инсан катары калыптанды деп ишенимдүү айта алабыз. Анткени профессор И. Бекбоев айткандай, «окуучулардын өзгөчөлүктөрүн ырааттуу түрдө окуп үйрөнмөйүнчө, окутуунун жана тарбиялоонун оптималдуу вариантын тандап алуу мүмкүн эмес» [6].

Демек, өспүрүм курактагы окуучунун окууга болгон мотивациясынын калыптануу абалы мотивациялык зарылдыктарды диагноздоочу критерийлердин жардамы менен иштелип чыккан «Өспүрүм окуучулардын окууга болгон мамилеси»; «Зарылдыктарды диагностикалоонун методикасы»; «Окуу ишмердүүлүгүнүн мотивациясын диагностикалоо методикасы»; «Өспүрүмдөрдүн ишмердүүлүктөрүнүн мотивдерин диагностикалоонун методикасы»; «Бүтпөй калган сүйлөмдөр методикасы» деген методикалык каражаттардын жардамы менен жүргүзүлгөн илимий изилдөө иши максатына жетти деген бүтүм чыгара алабыз.

**Инсандын жетилген куракка чейинки психикалык өнүгүүсүнүн мезгилдештирүүлөрүн салыштыруу***

| Курагы | К. Гетчинсон | З. Фрейд | Д. Б. Эльконин | Л. С. Выготский | А. Н. Леонтьев | А. Б. Элебесова |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **0 – 1 жаш** | Казуу жана чукуу стадиясы (0 – 5 жаш) | Оралдык стадия (0 – 1 жаш) | Ымыркай кез (2 ай – 1 жаш) | Төрөлүү кризиси | А.Н.Леонтьевдин курактык мезгилдештирүүсүнүн критерийи негизги ишмердүүлүктөр болуп саналат. Негизги ишмердүүлүктөрдүн өнүгүүсү баланын инсандык сапаты-нын калыптануусунун психология-лык процессинде жана ошол стадиядагы психология-лык-педагогикалык өзгөчөлүктөрүндө эң башкы өзгөрүүлөрдүн болушун шарттайт. | Бойдогу кез (0 – төрөлүү) |
| | | | | Ымыркай кез (2 ай – 1 жаш) | | Ымыркай бөбөктүк курак (төрөлгөндөн – 1 жаш) |
| | | | | Бир жаш кризиси | | |
| **1 – 3 жаш** | | Аналдык стадия (1 – 2 жаш) | Эрте балалык (1 – 3 жаш) | Эрте балалык (1 – 3 жаш) | | Наристе бөбөктүк курак (1 – 3 жаш) |
| | | | | Үч жаш кризиси | | |
| **3 – 6-7 жаш** | Аңчылык жана баскынчылык стадиясы (5 – 11 жаш) | Фалликалык стадия (3 – 6 жаш) | Мектепке чейинки кенже жана орто курак (3 – 4-5 жаш) | Мектепке чейинки курак (3 – 7 жаш) | | Наристе курак – мектепке чейинки кенже курак (3 – 4-5 жаш) |
| | | | Мектепке чейинки улуу курак (4-5 – 6-7 жаш) | Жети жаш кризиси | | Мектепке чейинки орто курак — балакай (эркек) же секелек (кыз) кез, (4-5 – 5-6 жаш) |
| | | | | | | Жаш балалык курак — мектепке чейинки улуу курак (5-6 – |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | 6-7 жаш) |
| **6-7 – 10-11 жаш** | Койчулук стадиясы (8 – 12 жаш) | Латенттик стадия (7 – 12 жаш) | Мектептик кенже курак (6-7 – 10-11 жаш) | Мектептик курак (8 – 12 жаш) | | Тестиер курак (7 – 10-11 жаш) |
| | | | | | | Өспүрүм курактын 1-этабы — тестиер курактан өспүрүм куракка өтө баштоо мезгили (11 – 13 жаш) |
| **11-12 – 15-16 жаш** | Дыйканчылык стадиясы (11 – 15 жаш) | Гениталдык стадия (12 – 16 жаш) | Өспүрүм курак (10-11 – 13-14 жаш) | Он үч жаш кризиси | | Өспүрүм курактын 2-этабы — өткөөл мезгил (13 – 14-15 жаш) |
| **15-16 – 21-25 жаш** | Өнөр жайлык жана соода-сатык стадиясы (14 – 20 жаш) | _ | Боз бала курак (13-14 – 16-17 жаш) | Пубертаттык курак (14 – 17 жаш) | | Жетилүү (боз бала) курагы (эркек балдар 15 – 17 жаш; кыз балдар 14-15 – 15-16 жаш) |
| | | | | Он жети жаш кризиси | | Боз улан кез (17 – 20-21 жаш); селки кез (16 – 20 жаш) |
| **Мезгилдештирүү өңүттөрү** | Инсандын жетилген куракка чейинки балалык мезгилиндеги психикалык өнүгүүсүн тиричилик процесстерин баскычтап көрсөтүүнүн негизинде мезгилдештирүү. | Инсандын жетилген куракка чейинки балалык мезгилиндеги психикалык өнүгүүсүн кандайдыр-бир бир белгисин бөлүп көрсөтүүнүн негизинде мезгилдештирүү. | Инсандын жетилген куракка чейинки балалык мезгилиндеги психикалык өнүгүүсүн анын өзгөчөлүктөрүнө жараша мезгилдештирүү. | Мезгилдештирүү критерийи катары ар бир этапка мүнөздүү болгон психикалык өзгөрүүлөрдү алып, «стабилдүү» жана «стабилдүү эмес» мезгилдерди бөлүп көрсөткөн. Ал кризистик мезгилге – баланын кулк-мүнөзүндөгү сапаттык бурулуш учурларга аныктоочу маани берген. Аныкы боюнча бир курактан экинчи куракка өтүү төңкөрүш жолу менен жүрөт. | Мезгилдештирүү критерийи катары негизги ишмердүүлүктөр алынган. | Инсандын жетилген куракка чейинки балалык мезгилиндеги психикалык өнүгүү өзгөчөлүктөрүн кыргыздардын жаш курактык айырмалоосуна жараша бөлүп көрсөтүүнүн негизинде баланын психикалык өнүгүүсүн мезгилдештирүү. |
| **Психиканын өнүгүү тиби** | Алдын-ала калыптандырылган тип (преформированный) | | Алдын-ала калыптандырылбаган тип (непреформированный) | | | |

*Бул таблицаны түзүүгө Интернет-ресурстан алынган «Периодизация психического развития, принципы ее построения. Понятие о возрасте и его психолого-педагогических особенностях» деген темадагы эмгек негиз болду (2014).

**Адабияттар:**


1. *Абульханова-Славская К.А.* Деятельность и психология личности. – М.: Наука, 1980. – 335 б.
2. *Ананьев Б.Г.* Избранные психологические труды / В 2-х т. – М.: Педагогика, 1980. – 232 б.
3. *Анисимов О.С.* Основы методологии / В 2-х т. – М.: РАГС. – Т. 2. – 1994. – 392 б.
4. *Анциферова Л.Н.* Психология повседневности: жизненный мир личности и «техника» её бытия // Психол. журн. – 1993, № 2. – 24–51-бб.
5. *Асеев В.Г.* Мотивация поведения личности. – М.: Мысль, 1976. – 162 б.
6. *Бекбоев И.* Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. 3-бас. – Б.: «Бийиктик», 2011. – 384 б.
7. *Блауберг И.В.* Становление и сущность системного подхода / И.В. Блауберг, Э.Г. Юдин. – М.: Просвещение, 1973. – 156 б.
8. *Божович Л.И.* Личность и ее формирование в детском возрасте. – М.: Педагогика, 1968. – 321 б.
9. *Божович Л.И.* Проблема развития мотивационной сферы личности. Изучение мотивации детей и подростков. – М.: Академия, 2002. – 7–14-бб.
10. *Вилюнас В.К.* Психологические механизмы мотивации человека. – М.: Изд-во МГУ, 1990. – 288 б.
11. *Годфруа Ж.* Что такое психология? / В 2-х т. – М.: Мир, 1992. – Т. 1. – 101–110-б.
12. *Ильин Е.П.* Мотивация и мотивы. – СПб.: Питер, 2003. – 512 б.
13. *Ильин Е.П.* Сущность и структура мотива // Психол. журн. 1995. – № 2. – Т. 16. – 27–41-б.
14. *Кант И.* Критика практического разума. – СПб: Наука, 1995. – 528 б.
15. *Леонтьев А.Н.* Деятельность. Сознание. Личность. – М.: Смысл, 2005. – 352 б.
16. *Мамбетакунов Э., Сияев Т.* Педагогиканын негиздери. – Б.: Айат, 2008. – 304 б.
17. *Маслоу А.* Мотивация и личность. – СПб.: Питер, 2006. – 352 б.
18. *Мерлин В.С.* Очерк интегрального исследования индивидуальности. – М.: Педагогика, 1986. – 256 б.
19. «Периодизация психического развития, принципы ее построения. Понятие о возрасте и его психолого-педагогических особенностях» / Интернет-ресурс. – 2014.
20. *Платонов К.К.* О системе психологии. – М.: Мысль, 1972. – 216 б.
21. *Рудик П.А.* Психология. – М.: Физкультура и спорт, 1962. – 238 б.
22. *Садовский В.Н.* Основания общей теории систем. – М.: Просвещение, 1972. – 134 б.
23. *Хекхаузен Х.* Мотивация и деятельность: В 2 т. – М: Педагогика, 1986. – Т. 2. – 234–248-б